предметтик чөйрөсү бай жана эркиндиги сакталган оюндар гана жогорку натыйжа берет. Мындан тышкары ата-энелер менен биргелешкен иштин мааниси да чоң экендиги аныкталды — үй-бүлөлүк колдоо социалдык жана турмуштук көндүмдөрдүн туруктуулугун камсыз кылат. Оюн технологиялары мектепке чейинки билим берүү системасында баланын социалдык адаптациясын, турмуштук даярдыгын жана инсандык өнүгүүсүн камсыз кылуучу эң натыйжалуу педагогикалык ыкмалардын бири болуп саналат. Мындай технологияларды системалуу, максаттуу жана методикалык жактан туура колдонуу баланын келечектеги мектептеги ийгилигине жана социалдык турмушка шайкеш адаптациясына бекем негиз түзөт.

Колдонулган адабияттар

1. Абдылдаева Ж., Мамасалиев К. *Мектепке чейинки педагогиканын негиздери*. – Бишкек: Билим, 2018.
2. Билим берүү жана илим министрлиги. *Мектепке чейинки билим берүүнүн мамлекеттик стандарты*. – Бишкек, 2019.
3. Выготский Л. С. *Воображение и творчество в детском возрасте*. – Москва: Просвещение, 1991.
4. Выготский Л. С. *Игра и её роль в психическом развитии ребёнка*. – М.: Педагогика, 1984.
5. Дж.С. Барсанаева., Дж.Э. Дунганова. Оюн ишмердүүлүгү жана социалдык көндүмдөр. Өзгөчө муктаждыгы бар балдарды массалык бала бакчаларга киргизүү боюнча тарбиячылар үчүн методикалык колдонмо. Бишкек -2011
6. Мамашерип кызы , Н. (2025). ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ УСЛОВИЯ ФОРМИРОВАНИЯ ЖИЗНЕННЫХ НАВЫКОВ У ДЕТЕЙ 3–5 ЛЕТ (НА ПРИМЕРЕ КЫРГЫЗСТАНА И ЗАРУБЕЖНЫХ СТРАН). *Вестник Ошского государственного педагогического университета имени А.Мырсабекова*, *1*(2), 140–145. https://doi.org/10.56122/.v1i2.460
7. Монтессори М. *Помоги мне сделать это самому*. – Москва: Росмэн, 2010.
8. Мурзаканова, Г. (2025). МЕЛКАЯ МОТОРИКА ДЕТЕЙ — КАК СРЕДСТВО РАЗВИТИЯ РЕЧИ (В СИСТЕМЕ М. МОНТЕССОРИ). *Вестник Ошского государственного педагогического университета имени А.Мырсабекова*, *1*(2), 129–134. https://doi.org/10.56122/.v1i2.434
9. Садыкова Р. *Мектепке чейинки мекемелерде оюн технологияларын колдонуу*. – Ош: Жамият басмасы, 2021.

УДК: 371.3:811.512.154 **DOI: https://doi.org/10.56122/..v2i2.551**

Ч. АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫНЫН ИДЕЯЛЫК-ЭСТЕТИКАЛЫК ПОТЕНЦИАЛЫ ЖАНА ЖОЖДОРДО КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУУДА ТЕКСТТИК КАРАЖАТ КАТАРЫ КОЛДОНУУ

Мырзанаева Медина Кененбаевна
ORCID: org/0009-0001-7732-2222, SPIN-код: 8895-3829,
Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин эл аралык мамилелер жана чыгыш таануу факультетинин ага окутуучусу, Бишкек ш., Кыргызстан, моб. тел: 0700264788, ***E-mail:*** myrzanaevamedina@gmail.com,
Кожобекова Гүлбүбү Сагынбековна
ORCID: org/0009-0009-0062-6226, SPIN-код: 9471-2314,
Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын адабият институтунун илимий кызматкери, Бишкек ш., Кыргызстан, моб. тел: 0772487045, E-mail: **kojobekovagb@gmail.com**.
Сулайманова Гүлмира Абдылаевна

Ош МУнун окутуучусу, Ош ш., Кыргызстан, Gulmira.sulaimanova1981@gmail.com

ИДЕЙНО-ЭСТЕТИЧЕСКИЙ ПОТЕНЦИАЛ ТВОРЧЕСТВА Ч.АЙТМАТОВА И ЕГО ИСПОЛЬЗОВАНИЕ В КАЧЕСТВЕ ТЕКСТОВОГО СРЕДСТВА ПРИ ПРЕПОДАВАНИИ КЫРГЫЗСКОГО ЯЗЫКА В ВУЗАХ

Мырзанаева Медина Кененбаевна
ORCID: org/0009-0001-7732-2222, SPIN-код: 8895-3829,
старший преподаватель факультета международных отношений и востоковедения Кыргызского национального университета им. Ж.Баласагына, г. Бишкек., Кыргызстан, моб.телефон: 0700264788,
e-mail: myrzanaevamedina@gmail.com
Кожобекова Гүлбүбү Сагынбековна,
ORCID: org/0009-0009-0062-6226, SPIN-код: 9471-2314,
научный сотрудник института литературы Национальной академии наук Кыргызской Республики, г. Бишкек., Кыргызстан, моб. телефон: 0772487045, e-mail: kojobekovagb@gmail.com
Сулайманова Гулмира Абдылаевна
старший преподаватель ОшГУ, г. Ош, Кыргызстан, Gulmira.sulaimanova1981@gmail.com

THE IDEOLOGICAL AND AESTHETIC POTENTIAL OF Ch.CAITMATOV'S WORK AND ITS USE AS A TEXTUAL MEDIUM IN TEACHING THE KYRGYZ LANGUAGE IN UNIVERSITIES

Myrzanaeva Medina Kenenbaevna
ORCID: org/0009-0001-7732-2222, SPIN-код: 8895-3829,
Zh.Lecturer at the Faculty of International Relations and Oriental Studies of the Kyrgyz National University named after Balasagyn, Bishkek, Kyrgyzstan mobile phone: 0700264788, e-mail: myrzanaevamedina@gmail.com.
Kozhobekova Gulbubu Sagynbekovna
ORCID: org/0009-0009-0062-6226, SPIN-код: 9471-2314,
Researcher at the Institute of Literature of the National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic, Bishkek, Kyrgyzstan mobile phone: 0772487045, e-mail: kojobekovagb@gmail.com
Sulaimanova Gulmira Abdylayevna
OSH State University teacher, Osh, Kyrgyzstan, Gulmira.sulaimanova1981@gmail.com

Аннотация

Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгынын идеологиялык пайдубалы гуманисттик жана универсалдуу баалуулуктарга терең сиңген. Илимий макалада дүйнөлүк масштабдагы жазуучунун чыгармачылыгынын идеялык-тематикалык жана эстетикалык тереңдиги талданат. Ч.Айтматовдун чыгармаларынын идеялык-тематикалык мазмуну ЖОЖдордо учурда кыргыз тилин окутууда тексттик каражат катары пайдаланууга кеңири мүмкүнчүлүк берет.

Жазуучунун чыгармаларында адамдын жан дүйнөсүнүн өзгөрүшү ар дайым маданий айырмачылыктарга жана улуттук идентүүлүккө карабастан, адамзаттык жалпы мүнөздөмөлөргө ээ экендигин сынчылар, адабиятчылар белгилешет. Анын чыгармачылыгындагы терең адеп-ахлактык жана социалдык ишенимдеринин чагылдырылышын, адамзат үчүн сабактардын маанилүү булактарын ар тараптан изилдөө бүгүнкү учурда да маанилүү болуп саналат.

Ачкыч сөздөр: *чыгарма, идеология, идеялык өзгөчөлүктөр, баалуулуктар, тематика, каарман, жаратылыш, чыгармачылык, кыргыз тили, жогорку окуу жайы,*

каражат, окутуу.

Аннотация

Идеологическая основа творчества Чингиза Айтматова глубоко укоренилась в гуманистических и универсальных ценностях. В научной статье анализируется идейно-тематическая и эстетическая глубина творчества писателя мирового масштаба. Идейно-тематическое содержание произведений Айтматова дает широкие возможности для использования в вузах в качестве текстового средства обучения кыргызскому языку.

Критики, литераторы отмечают, что в произведениях писателя изменение человеческой души всегда имеет общие человеческие черты, несмотря на культурные различия и национальную идентичность. Всестороннее изучение отражения в его работах его глубоких моральных и социальных убеждений, важных источников уроков для человечества, по-прежнему важно сегодня.

***Ключевые слова**: произведение, идеология, идейные особенности, ценности, тематика, характер, природа, творчество, язык, высшее учебное заведение, средства, обучение.*

Annotation

The idological basis of Chingiz Aitmatov's work is deeply rooted in humanistic and universal values. The scientific article analyzes the ideological, thematic and aesthetic depth of the writer's work on a global scale. The ideological and thematic content of Aitmatov's works provides ample opportunities for use in universities as a textual means of teaching the Kyrgyz language.

Critics and writers note that in the writer's works, the change of the human soul always has common human features, despite cultural differences and national identity. A comprehensive study of the reflection in his works of his deep moral and social beliefs, important sources of lessons for humanity, is still important

***Keywords**: creativity, ideology, ideological features, values, subject matter, character, nature, creativity, language, higher education institution, facilities, education.*

today.

Киришүү. Чынгыз Айтматов кылымдардын тогошкон азыркы доордун чыгармалары эң көп окулган жазуучуларынын бири. Чыгармалары коомдо билим берүү, тарбиялоо процессинин ажырагыс бөлүгүнө айланып, мектептердин жана университеттердин программасына кирген. Дүйнөнүн көп өлкөлөрүнүн жогорку мамлекеттик сыйлыктарынын ээси Ч.Т.Айтматов адамзаттык маданиятты өнүктүрүүгө, гуманисттик салттарды сактоого, коомдун адеп-ахлактык түркүктөрүн коргоого, саясий системаларды интеграциялоого баа жеткис салым кошкон. Анын чыгармаларында улуттук колорит, азыркы учурдун актуалдуу маселелери, адамдын руханий жана адептик маңызы, акыйкаттыкты эңсөө жана адилеттикти орнотууга чечкиндүүлүктү, адамда абийирди, кайратмандыкты, адамгерчиликтүүлүктү ойготууга умтулуу жалпы адамзаттык мааниге ээ болуп келет. Дүйнөдөгү маданий дөөлөттөрдү сактап калууну жана маданияттын тарбиялык маанисин, анын зарылдыгы жөнүндө айтып чыккан. Ч.Т.Айтматовдун чыгармалары окурмандарга гана эмес, көп өлкөлөрдүн жазуучулардын чыгармачылыгына чоң таасирленүү жараткан. Ал аңгемелеринде, романдарында жана макалаларында адамдардын мамилелери, адеп-ахлак жана тилектештик темаларды көтөрүшү жана дүйнөлүк деңгээлде жазуучуларды, адабиятчыларды кайдыгер калтырган эмес. Анын чыгармачылыгы дүйнөлүк адабиятка, маданиятка жана жаш муундарды тарбиялоодо салым кошуп келе жатат

Изилдөөнүн методологиясы. Бул изилдөө Ч.Айтматовдун чыгармаларынын идеялык-тематикалык жана эстетикалык өзгөчөлүктөрү, жогорку окуу жайларда кыргыз тилин окутууда тексттик каражат катары пайдалануунун методикалык негиздерин аныктоого багытталат. Макалада филологиялык анализ, педагогикалык методика жана текст таануу илимдеринин айкалышкан ыкмалары колдонулат. Макалада изилдөөнүн материалдары катарында Ч.Айтматодун чыгармалары, айрым окумуштуулардын эмгектери

кыргыз тилин ЖОЖдордо окутуунун типтик программалары, методикалык колдонмолор жана педагогикалык тажрыйба материалдары түздү. Изилдөөнүн методологиясы Ч.Айтматов тексттеринин идеялык-эстетикалык табиятын гана ачпастан, аларды ЖОЖдордо кыргыз тилин окутууда колдонуу процесси үчүн методикалык негиздерди берет. Ал тил үйрөнүүчүлөрдүн аналитикалык, критикалык ой жүгүртүүсүн, эстетикалык кабыл алуусун жана текст менен иштөө жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган. Кыргыз тили сабагын окутууда колдонулуп келген практикалык тажрыйбалар, методикалык иштелмелер каралды. Айтматовдун тексттери, чыгармаларындагы идеясы, темасы, образдар системасы, моралдык-философиялык мазмуну жана эстетикалык баалуулугунун жалпы адамзаттык деңгээлдеги таасири аналитикалык түшүндүрмө аркылуу чечмеленип, аналитикалык-дескриптивдик ыкма колдонулду.

Ч. Айтматовдун жалпы чыгармачылыгынын идеялык-тематикалык жана эстетикалык тереңдиги анын чыгармаларын ЖОЖдордо кыргыз тилин окутууда тексттик каражат катары пайдаланууга кеңири мүмкүндүк берет. Жазуучунун чыгармачылыгынан жаралган көркөм тексттер студенттердин тилдик, маданий жана инсандык компетенцияларын калыптандырууда баалуу ресурс болот. Аны системалуу жана илимий методикалык негизде колдонуу учурдагы окутуунун актуалдуу жана натыйжалуу багыттарынын бири болуп саналат.

“Адам тагдыры” темасы Айтматовдун бардык чыгармаларында камтылган. Ал каармандардын тагдыры тышкы жагдайлар жана өз тандоолору менен кандайча байланышта экендигин изилдейт. Айтматовдун каармандары моралдык жана этикалык дилеммаларга туш болуп, тагдырына таасир этүүчү чечимдерди кабыл алып, татаал кырдаалда жашоонун маңызын издөөгө аргасыз болушат. Жазуучунун чыгармаларында салт менен учурдун катышы темасы да активдүү мүнөздө. Анын каармандары көбүнчө эски үрп-адаттар менен жаңы баалуулуктардын карама-каршылыктарына туш болушат. Ал коомдогу өзгөрүүлөр адеп-ахлактык жана маданий нормаларга кандай таасир этерин жана адамдар өзгөрүп жаткан дүйнөдө өз инсандыгын кантип сактап калаарын изилдейт.

Жазуучунун «Жамийла» повестинде жаштардын келечекти тандоого болгон умтулуусу, ага түрткү болгон жагдайлар жөнүндгү тексттен үзүндү келтирсек: ***“****Жамийла менен Даниярдын ошондогусун эстеп, муңайыңкы жылмайып отурдум. Алардын айылдан кеткендегисин эстегенде жүрөгүмө кайрат толуп, мен дагы ошолор сыяктуу өз таалайым үчүн кыйын жолго чыгууга тайманбай бел байладым.*

- Мен окууга кетем! – дедим мен апама. – Сүрөтчү болгум келет, сүрөтчүнүн окуусуна барам, атама да ушуну айтып кой…

Бул сөздү айтканымда, апам азыр согушта жок болгон агаларымды эстеп, буркурап ыйлайт ко деген ой менен, өзүмдү ошого чыдагандай кайраттандырдым. Бирок, бакытка жараша, апам бул жолу көзүнөн тамчы да чыгарган жок, болгону өтө катуу кейип айтты:

- Мейли, барсаң өзүң бил… Темир канат болгон соң, ар кимиңер өзүңөрчө канат шилтеп калбадыңарбы… Биз кайдан билели, балким, силердики чындык чыгар, балким, алыска чабыттап учасыңар… Азыркы заман эми ушундай болбодубу… Окууңа барсаң өзүң бил… Балким ошол жакка барганда, сүрөт тартып чиймелеген кесип эмес экенин билерсиң… Үйүңдү, ата-энеңди унутпа, бар сураганым ушул…

Ушул күндөн тартып кичи үй өзүнчө бөлүнүп кетти. Мен болсо көп кечикпей окууга жөнөдүм” [1, 258-259].

Филологиялык эмес факультеттерде окуган студенттер үчүн чыгармадагы текст менен иштөөдө бир нече методикалык ыкмаларды колдонууга болот.

Жогорудагы чакан текстке карата төмөндөгүдөй оозеки суроолорду түзөбүз :

1. Бул үзүндү чыгарманын кайсы бөлүгүндө кездешет?
2. Данияр менен Жамийла бул убакта кайда деп ойлойсуң?
3. Сенин келечектеги кесибиң жөнүндө ата-энең менен кандай маек болгон эле?
4. Келечектеги тандаган кесибиң менен тагдырыңдын байланышын кандайча

элестете аласың?

Окутуучу сабактын максатына карап текст боюнча бир нече жазуу тапшырмалары да түзөт. Ч.Айтматовдун чыгармаларын ЖОЖдордо окутууда дагы бир максат – инсанды тарбиялоо. “Тексттерди колдонуп окутуу – бул педагогикадагы маанилүү методдордун бири. Анын негизинде текстти терең талдоо, студенттердин өз алдынча иш алып баруусу, ошондой эле текстти терең түшүнүү жолу менен билим алуусун камсыз кылуу мүмкүнчүлүктөрү ачылат [2, 78].

Ч.Айтматовдун чыгармачылыгынын көрүнүктүү өзгөчөлүктөрүнүн бири – жаратылыштын жана образдардын сүрөттөмөлөрүн жаратуу жөндөмдүүлүгү. Анын тили түстөргө жана нюанстарга бай, окурмандарга курчап турган дүйнөнү көрүп, сезип тургандай сезилет. Анын чыгармаларындагы жаратылыштын сүрөттөлүшү фон катары гана кызмат кылбастан, сюжеттин бир бөлүгү болуп, каармандардын ички абалын чагылдырат жана чыгармалардын эмоционалдык тереңдигин бекемдейт. Айтматовдун чыгармаларында жаратылыш маанилүү роль ойнойт жана терең символикалык мааниге ээ. Бул алардын сезимдеринин күзгүсү жана каармандардын ичиндеги гармониянын же дисгармониянын символу болушу мүмкүн деген тыянак келип чыгат.

Жүздөгөн окуучулар, студенттер иш-чараларда, адабий кечелерде, конкурстарда көркөм айткан “Саманчынын жолунда” чыгармасында “Майсалбектин каты” аталган текстинде төмөнкү салыштыруулар бар. *“Мени жоктобо, апа. Менин артымда туягы калган жок дебе. Дүйнөдө мындан нары согуш болбосо, жаңыдан төрөлгөн баланын ыңаалаганы – ошол мен, бой жеткен кыздардын жоодураган көздөрү – ошол мен, бутакта көгөргөн жалбырак – ошол мен, талаада өнүп чыккан эгин – ошол мен, балдарга биринчи үйрөткөн «А» тамгасы – ошол мен, ошонун баары мен, мен деп билип жүргүн, апа!*

Ыйлаба, апа, эч ким ыйлабасын. Мындай өлүм үчүн эч ким ыйлабасын. Кош түбөлүккө кайыр кош!.. Кош, карааныңдан айланайын, Ала-Тоо! Сенин мугалим уулуң - лейтенант Майсалбек Субанкулов. Фронт. 9-март 1943-ж. түнкү саат – 12.» [3, 184].

Майсалбектин энесине жазган катында Майсалбектин ички таза жан дүйнөсү, жашоого болгон сүйүүсү, санаркоосу, кайраты, энесине болгон сый-урматы, сооротуусу – “ошол мен” аркылуу салыштыруусу, келечектен үзүлбөс үмүттү жандырат. Майсалбектин ички дүйнөсү жартылыштын өзүндөй тунук, сезгич.

Чыңгыз Айтматов кыргыздын бай маданиятынан жана жаратылышынан илхам алган жана анын чыгармалары өз мекенинин ушул маанилүү жактарын чагылдырат. Анын адамдык мамилелерди жана тагдырларды терең түшүнүүсү, ошондой эле жаратылышты жандуу сүрөттөөлөрү чыгармачылыгын тематикалык жактан бай жана универсалдуу кылат, бул анын популярдуулугун жана дүйнөлүк адабиятка тийгизген таасирин түшүндүрөт. Демек, көркөм өнөр адамдын ички дүйнөсүн өзгөртүүгө жөндөмдүү.

Көркөм чыгармалардын тексттери менен иштөө аркылуу көркөм стилге тиешелүү өзгөчөлүктөрдү студеттер менен бирге табуу жеңил. Демек, алар төмөнкүлөр:

- көркөм стилдеги тексттер кайталангыс жана уникалдуу;
- жалпыга тиешелүү проблеманы көтөрсө да, жеке, индивидуалдуу сапаттарга бай;
- турмуш чындыгын көркөм чагылдырат;
- психологизм күчтүү;
- идеялык-эстетикалык сапатка ээ;
- автордун турмушка карата позитивдүү же негативдүү көз карашы чагылдырылат;
- белгилүү сюжеттик–композициялык түзүлүшкө, каармандар системасына жана идеялык-тематикалык түзүлүшкө ээ;
- жалпы проблеманы жеке, конкретүү образдар аркылуу ачып берүү мүмкүнчүлүгүнө ээ;
- белгилүү коомдогу адабий процесстин тарыхый жолунан кабар берет;
- элдин үмүт-тилеги чагылдырылып, дүйнөгө болгон көз карашты калыптандырып,

адамдык асыл сапаттарды баалай билүүгө, гумандуулукка, чынчылдыкка, адеп-аклахка тарбиялайт;

- маданият, психология, тарых, эстетика, этика, тарых, укук таануу, социология менен байланышат;

- тилдик каражаттардын бардык түрлөрү кездешет: өтмө маанидеги сөздөр, синонимдер, антонимдер, фразеологизмдер, диалект сөздөр ж.б. [4, 109-110].

Ч.Айтматовдун чыгармаларынын дагы бир өзгөчөлүгү - анын карапайым адамдардын жашоосун жазып, андан шедевр жаратуусунда. Дал ушул шедеврлердин ичинде укмуштуудай идеология, философия камтылат. Жазуучунун повесттерин же дегеле жазган аңгеме, романдарын бир окуп эле талдап коюу эч мүмкүн эмес. Тексттерге кайрылган сайын жаңы идея, тематика, ачылыш табылат. Бул көрүнүш чыгармаларынын тереңдигинде.

Ч.Айтматовдун кайсы гана чыгармасын албайлы, анын чыгармаларынын башталышы логикалык өзөктүн башаты импилиция катары башталып, аягы интеграциялык жыйынтыкты берерине таянып, тексттик жалпылык же маңыздык жумурулук катары карап, жумурулук ич ара маанилик байланыштардын карым-катышынан турарына жана ал маанилик карым-катнаштар семантиканы түзүп, көркөм тексттин тутум ээрчише (чынжырлаш) же удаалаш (параллель же кыйгач (лучевой) байланышта болорун изилдөө керектиги зарылчылык болду [6, 281].

Мезгил сынынан ийгиликтүү өтүп, Ч.Айтматовдун чыгармаларынын тексттери окутуучуларга да, студенттерге да стилистикалык, лексикалык жана семантикалык катмарларын терең талдоого каражат болууда. Бул өз учурунда улуттук маданиятка кызыгууну арттырат жана тилдик материал менен иштөөнүн продуктивдүүлүгүн жогорулатат.

Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларынын эстетикасы анын ар тараптуу чыгармаларында кайталангыс көркөм дөөлөткө айлантат. Анын жаратылышты сүрөттөөдөгү чеберчилиги, символдорду жана аллегорияларды колдонуу жана фольклордук элементтерди интеграциялоо окурмандарга терең таасир калтырган жана көптөгөн чечмелөөлөрдү жана ой жүгүртүүлөрдү жүргүзүүгө мүмкүндүк берген уникалдуу адабий дүйнөнү түзүүгө жардам берет. Жаштарды тарбиялоодо актуалдуулугун жоготпой келе жаткан эне тилдин маанисинин тереңдиги Айтматовдун чыгармасында Найман эненин уулуна кайрылуусу аркылуу көрсөтүлөт. “Ал уулуна өзүнүн ким экендигин, кайсы элге таандык экендигин эскерткенге аракет кылат. Бул окуя эне тилдин жана улуттук өзүн-өзү таануунун ажырагыс байланышын көрсөтөт” [7, 42].

Айтматовдун “Ак кеме” аттуу повести жазуучунун чыгармачылыгында бөтөнчө мааниге ээ. Повесттин гуманисттик пафосу баштан-аяк адамдын бийик сапаты жана нравалык тазалыгын даңазалайт. Чыгармадагы “балык” болуп сууга агып кеткен баланын образы, куулук-шумдугу жоктугу, ак пейилдүүлүгү менен айырмаланып - адамды ар кандай бузукулукка, арамдыкка, зомбулукка каршы активдүү күрөшүүгө чакырат. Повесттин мазмунунан “Эгер адам ар кандай кара күчтөрдүн зомбулугуна туруштук бере албай, пассивдүү жолго түшсө, анда ал өзүнүн ыйык идеалына да кол көтөрүүгө чейин барат” деген философиялык жана нравалык тыянак чыгат.

Жазуучунун чыгармаларындагы идеялык-эстетикалык баалуулук бүгүнкү күндөгү ааламдашуу шартында өз ордун таап, көркөм чыгармалардын тексттери кыргыз тилин окутууда жана жаштарга билим, тарбия берүүдө актуалдуу мүнөздөгү материал катары саналаары шексиз.

АДАБИЯТТАР:

1. Айтматов.Ч. Чыгармалар жыйнагы: 1-том, – Бишкек, 2008. – 380 б.

2. Мырзанаева М.К. Жогорку окуу жайында адистик тексттерди окутуунун каражаты катары колдонуу / М.К. Мырзанаева // Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Жарчысы. – Бишкек, 2025. – №1. – 74-79-бб.

3. Айтматов.Ч. Чыгармалар жыйнагы: 2-том, – Бишкек, 2008. – 432 б.

4. Мырзанаева М.К. ЖОЖдордо көркөм стилдеги тексттердин негизинде мамлекеттик тилди окутуунун өзгөчүлүктөрү / М.К. Мырзанаева // Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Жарчысы. – Бишкек, 2017. – №4. – 104-110-беттер.

5. Кожобекова Г.С. Ааламдашуу жана Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгы/ Г.С. Кожобекова // ” КЭАУнун ОИӨКнын Жарчысы, – Бишкек. 2022.- №3 (47). – 200-204-беттер.

6. Сагынбеков И. Ч.Айтматовдун нукура кыргыз тилинде жазылган чыгармаларынын жыштык сөздүктөрүнүн анализи / Сагынбеков И. // “Юнусалиев окуулары – 2017” аттуу эл аралык илимий-практикалык конференция.

7. Рыспаев С.К., Токтобаева А., Д. Ч.Айтматовдун “Кылым карытар бир күн” чыгармасындагы манкурттук жана учурдагы эне тил, үрп-адаттарды үйрөтүү маселелери, “А. Мырсабеков атындагы ОшМПУ жарчысы” илимий-усулдук журналы, 2025-ж. №.2 (26), 2-т., 40-43-беттер.

8. Макелек Өмүрбай уулу. Ч.Айтматовдун чыгармачылыгы боюнча изилдөөлөр. / Макелек Өмүрбай уулу //: 3-том. Түз. Ыйсаева Н., Арипов С., Эшматов Р. – Бишкек, 2018. – 560 бет. конференциянын материалдары. – Бишкек, 2018. – 280-284-беттер.

УДК 373

БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА ИНТЕГРАЦИЯЛАНГАН ОКУТУУ ШАРТЫНДА БАЛДАР АДАБИЯТЫ АРКЫЛУУ ГУМАНИСТТИК БААЛУУЛУКТАРДЫ ӨНҮКТҮРҮҮНҮН АРТЫКЧЫЛЫКТАРЫ

Меңдибаева Нуркан Меңдибаевна
ORCID: 0009-0008-9423-4647
ОшМПУ, окутуучу
nur_kg_93@list.ru

ПРЕИМУЩЕСТВА РАЗВИТИЯ ГУМАНИСТИЧЕСКИХ ЦЕННОСТЕЙ ПОСРЕДСТВОМ ДЕТСКОЙ ЛИТЕРАТУРЫ В ИНТЕГРИРОВАННОЙ ОБРАЗОВАТЕЛЬНОЙ СРЕДЕ В НАЧАЛЬНЫХ КЛАССАХ

Меңдибаева Нуркан Меңдибаевна
ORCID: 0009-0008-9423-4647
ОшМПУ, преподователь
nur_kg_93@list.ru

ADVANTAGES OF DEVELOPING HUMANISTIC VALUES THROUGH CHILDREN'S LITERATURE IN AN INTEGRATED EDUCATIONAL ENVIRONMENT IN PRIMARY SCHOOL

Mendibaeva Nurkan Mendibaevna
ORCID: 0009-0008-9423-4647
OSPU, teacher
nur_kg_93@list.ru

Аннотация

Бул макалада башталгыч класстарда интеграцияланган окутуу шартында балдар адабияты аркылуу гуманисттик баалуулуктарды өнүктүрүүнүн артыкчылыктары каралат. Азыркы глобалдашуу доорунда билим берүү процесси окуучулардын когнитивдик жөндөмдөрүн гана эмес, алардын руханий жана баалуулук багыттарын калыптандырууга